Бекитемин
Мектеп директору мил.ат.
______К.Дж.Джакупова

**Алымкул Койгелдиев атындагы орто мектебинин көзөмөлчүлүк ( камкорчулук) Кеңеши жөнүндө**
**ЖОБО**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын 30.04. 2003 ж.№92 38- 39- беренесине , 30.05. 2014-ж № 81 Көзөмөлчүлүк Кеңеши жөнүндөгү мыйзамынын 1- беренечинин талаптарына ылайык.

1. Мектепте башкаруу демократиялуулук, борборлоштуруудан окчундоо, өз алдынчалуулук жана өз алдынча башкаруу принцибинде курулат.

2. Жалпы чогулуш көзөмөлчүлүгү же **Көзөмөлчүлүк Кеңеши** мектептин өз алдынча башкаруунун формасы болуп саналат.

3. **Көзөмөлчүлүк кеңеши** – юридикалык статуска ээ эмес, көзөмөлчүлүк тууралуу Мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү, мугалимдерге жана окуучуларга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү муниципалдык мекемелерди( мектепти) тең башкаруучу орган.

4. Социалдык кызматтарды көрсөтүү- мугалимдерге жана окуучуларга мектеп жана көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан билим берүүнү жакшыртууга багытында көрсөтүлүүчү кызмат болуп саналат.

5.Мектепте башка мектепти башкаруу түзүмдөрү ( педкеңеш, УБ ж.б. мнен бирге) Көзөмөлчүлүк, профилактикалык ж.б. кеңештер түзүлөт.

6. Мектептин ишинин негизги багыттарына ылайык келген көзөмөлчүлүк кеңеши ж.б. коомдук уюмдар менен болгон өз ара мамилелер келишим негизинде жөнгө салынат.

7. Мектептин көзөмөлчүлүк кеңеши өз ишин Жунуш уулу Жапар атындагы жалпы орто билим берүү мектеби тарабынан түзүлгөн уставдык максаттарына жетүүсү үчүн жүзөгө ашырат.
( КР 2011- жылдын 29- декабрындагы №255, 2014- жылдын 30- майындагы №82 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)

8.  Көзөмөлчүлүк кеңеши мыйзам тарабынан тыйуу салынбаган, уюмдун уставында аныкталган максаттарга  жана милдеттерге каршы келбеген ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү менен алектенүүгө укуктуу.

9. Мектептин көзөмөлчүлүк кеңештери гана КРнын мыйзамдарына каршы келбеген жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн жана кайрымдуулуктарынан, башка түшүүлөрдөн түзүлгөн финансылык жана башка ыктыярдуу негизде тартышы мүмкүн.

10. Мектептин ишин камсыз кылуу, билим сапатын жакшыртуу максатында, өнүктүрүү жана материалдык- техникалык базасын чыңдоо үчүн көзөмөлчүлүк кеңеши донорлорду( инвесторлорду, меценаттарды), финансылык жана башка материалдык каражаттарды издөөнү  жана тартууну жүзөгө ашырат жана бул тууралуу андан ары келип түшкөн финансылык жана башка материалдык каражаттар, аларды сарптоо тууралуу милдеттүү отчет менен жалпыга маалымдоо каражаттарына  ж.б. жолдор аркылуу жарыялоого укуктуу.

11. Мектепке финансылык ж.б. материалдык жардам көрсөтүүлөр тууралуу окуучулардын ата-энелери үчүн маалыматтар, кирешелер жана чыгашалар тууралуу отчеттор көрүнүктүү жана жалпыга жеткиликтүү жерлерине жайгаштырылыш керек.

12. Эгерде Көзөмөл кеңешинин жардамы менен ата-энелерден акча чогултулуп фонд түзүлө турган болсо, ден- соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардан, анын ичинде ден- соолугунунмүмкүнчлүгү чектелген ата- энелерден, ошондой эле жетим балдардын ата-энелеринен же алардын ордун басуучулардан финансы каражаттары чогултулбайт.

13.  Көзөмөлчүлүк кеңеш тарабынан мектеп үчүн тартылган финансылык каражаттар атайн казыналык эсепке чегерилет жана мектептин көзөмөлчүлүк кеңешинин чечими менен максаттуу пайдаланылат.

14.Көзөмөлчүлүк кеңештин төрагасы ( төрайымы) келип түшкөн финансылык жана материалдык каражаттар жана алардын сарпталышы тууралуу  отчет беришет.

15. Мектептин көзөмөл кеңешинин  курамы 7 кишиден түзүлөт жана алар ата-энелердин жалпы чогулушунда шайланат.